Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар Кеңешинин
жыйынында каралды, протокол № 5
31 01 2025-ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов ат. ЖАМУнун ректору
К.Ж.Усенов
_____ 202_ -ж.

# Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин сапат боюнча Кеңеши жөнүндөгү жобо

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (мындан ары - ЖАМУ) сапат боюнча Кеңеши жөнүндөгү жобо (мындан ары - Кеңеш) университеттеги сапат менеджменти системасын башкарууну көзөмөлдөөчү коллегиалдуу орган болуп саналат. Билим берүү кызматтарын көрсөтүүдө талап кылынган деңгээлге жетиишүү, аймакка, республикага жана чет мамлекетке жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо, окуу жайдын сапат жаатындагы саясатын калыптандыруу максатында иш аракетин жүргүзөт.

1.2.Кеңеш өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Башмыйзамын, «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамын, "КР жогорку жана орто кесиптик билим берүү мекемелеринин иш жүргүзүүсүн жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндөгү токтомун, КРнын билим берүү жала илим министрлигинин нормативдик укуктук актыларын, ЖАМУнун Уставын,, ЖАМУнун ректорунун санат жаатындагы буйруктарын, университеттин сапат болонча иш-пландарын жана программаларын жана ушул Жобону жетекчиликке алып жүргүзөт.

1.3. Кеңеш ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин сунушу жана ректордун буйругуна ылайык уюштурулат жана жоюлат.

1.4. Кеңештин ишмердүүлүгүн уюштуруу, техникалык жактан камсыздоо лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты, окуу, карьераны өнүктүрүү жана өндүрүштүк практиканы уюштуруу бөлүмдөрү, маалыматташтыруу жана билим берүүдөгү маалыматтык технологияларды өнүктүрүү борборуна милдеттендирилет.

## 2. Кеңештин курамы

2.1. Сапат боюнча Кеңештин курамы окуу жайдагы сапат менеджментинин системасын калыптандыруу боюнча иштердин көлөмүнө жана түрүнө жараша түзүлөт. Кеңешти ЖАМУнун ректору жетектейт жана курамы ректордун буйругу менен бекитилет. Кеңештин курамына өзгөртүүлөр ректордун буйругуна ылайык жүргүзүлөт.

Кеңештин курамына түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери, КРнын билим берүү жана илим министрлигинин өкүлдөрү, сапат жаатындагы жетектөөчү адистер, сапат менеджменти чөйрөсүндө эмгектенген билим берүү системасынын, илимий мекемелердин өкүлдөрү, иш берүүчүлөр кириши мүмкүн.

2,2. Кенештин жыйындарын өткөрүүгө даярдоо жана бардык мүчөлөрүнө жеткирүүнү Кеңештин жооптуу катчысы ишке ашырат.

2.3. ЖАМУнун ректору Кеңештин төрагасы катары окуу иштери боюнча проректорго өзүнүн укуктарын аткаруу милдетин жүктөй алат. Окуу иштери боюнча проректор окуу жайдын ички сапат менеджменти системасынын иштөөсүнө милдеттүү болуп саналат.

2.4. Сапат боюнча Кеңеш ЖАМУнун Окумуштуулар Кеңешине баш ийет жана аткарган иштери тууралуу маалымат берип турат.

2.5. Кеңеш өзүнүн функциясын окуу жайдагы факультеттер, колледждер жана башка түзүмдүк бөлүмдөр менен тыгыз байланышта иш алып барат.

## 3. Кеңештин милдеттери жана функциясы

3.1. Кеңештин негизги милдети болуп эл аралык стандарт катары кабыл алынган ИСО 9000:2011 таянып, окуу жайдын ички сапат менеджменти системасынын негизинде окуу жайды башкаруу боюнча бардык иштерди жүргүзүү жана көзөмөлдөө эсептелет. Ошондой эле эмгек

рыногунда талап кылынган адистерди даярдоо деңгээлинин сапатын жогорулатуу, университеттин окуу жана илимий-инновациялык ишмердүүлүк жаатында сапатты камсыз кылуу иш аракетин көзөмөлдөйт.

3.2. Кеңештин негизги функциялары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- окуу жайдын сапат саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгуу, талкуулоо, макулдашуу, документтердин долбоорлорун университеттин Окумуштуулар Кеңешине бекитүүгө сунуштоо;
- окуу жайдын сапатты башкаруу системасын өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- сапат менеджменти системасынын натыйжалуулугунун критерийлерин аныктоо;
- сапат менеджменти системасынын эффективдүүлүгүн координациялоо;
- университеттеги сапат менеджмента системасынын милдеттерин түзүү боюнча бөлүмдөрдүн жетекчилеринин отчетторун талкуулоо жана бекитүү;
- университеттеги билим берүүнүн сапатын башкаруу системасынын натыйжалуулугуна баа берүү;
- сапатты жогорулатуу жана оң тажрыйба киргизүүнү жайылтуу боюнча ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаларды изилдөө;
- сапат маселеси боюнча укуктук документтердин долбоорлоруна экспертиза өткөрүүгө катышуу;
- ректоратка жана Окумуштуулар Кеңешине жыл сайын Кеңештин компетенциясына кирген маселелер боюнча маалымат берүү;
- окуу жайдын ишмердүүлүгүндөгү чечимдерге өбөлгө болуучу кемчиликтерди жоюу жана чечимдерди иштеп чыгып, комплекстик текшерүүлөрдүн натыйжаларын анализдөө;
- университеттеги сапат менеджменти системасынын ИСО 9000:2011 талаптарына ылайыктыгын анализдөө;
- окуу жайдын жалпысынан же айрым багыттары боюнча статусун көтөрүүчү иш чараларды координациялоо;
- сапат менеджменти боюнча конференцияларды, семинарларды, тегерек столдорду уюштурууга көмөктөшүү;
- конкурстарды жана мыкты сапаттык көрсөткүчтөрдүн рейтингин уюштуруу боюнча сунуштарды даярдоо;
- университеттин өнүгүү концепциясына жана сапат менеджменти системасына сунуштарды даярдоо;
- окуу жайдын ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча сапат менеджментинин мазмунуна өз убагында түзөтүүлөрдү киргизүү;
- түзүмдүк бөлүмдөрдүн арасында сапат жаатындагы конкурстарды уюштуруу жана өткөрүү;
- Кеңештеги кабыл алынган сапат менеджменти системасынын түзүлүшү боюнча милдеттердин чечими жала аларды ишке ашыруу жөнүндө кызматкерлерге маалымат берүү.

## 4. Кеңештин укуктары жана милдеттери

4.1. Жүктөлгөн милдеттерге ылайык Кеңеш төменкүлөргө укуктуу:

- Кеңештин компетенциясына кирген жана башкаруучулук чечимдерди кабыл алууну талап кылган маселелер боюнча сунуштарды Окумуштуулар Кеңешине жана ректоратка талкууга алып чыгуу;

- ЖАМУнун факультеттеринин декандары, колледждеринин директорлору жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин сапат маселелери боюнча отчетторун угуу;
- университеттеги сапаты башкаруу системасынын учурдагы абалы жөнүндө отчетторду, иш кагаздарды, материалдарды кабыл алуу;
- Кеңешке жүктөлгөн функцияларды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл маалыматтарды бардык бөлүмдөрдөн алуу;
- негизги багыттары боюнча туруктуу жана убактылуу жумушчу топ түзүү жана алардын курамын бекитип, кызыкдар тараптарды кошо ишке тартуу;
- сапат жаатындагы илимий жана методикалык жактан активдүү иш жүргүзгөн окутуучуларды сыйлоо жөнүндө сунуштарды ректоратка киргизүү.

4.2. Кеңештин милдеттери:

- ушул Жободо аныкталган милдеттерди жана иш аракеттерди толугу менен аткаруу;
- университеттин комплекстүү программасын калыпандыруу жаатындагы жана сапат менеджментинин системасын үзгүлтүксүз өркүндөтүү планына ылайык өз ишин жүзөгө ашыруу;
- окуу жайдын сапат боюнча ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмдөрү менен бирдикте ар тараптуу көмөк көрсөтүү.

## 5. Кеңештин ишин уюштуруу

5.1. Сапат боюнча Кеңештин иши Кеңештин төрагасы бекиткен план боюнча жүргүзүлөт.

5.2. Кеңештин төрагасы (ал жок болгон учурда - төраганын орун басары) Кеңештин ишин уюштурат жана анын жыйынын алып барат.

5.3. Кеңештин жыйындары зарылчылыкка жараша өткөрүлөт, бирок кварталына бир жолудан кем эмес, эгерде анын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышса мыйзамдуу деп эсептелет.

5.4. Каралып жаткан маселе боюнча Кеңештин чечими көпчүлүк добуш менен жыйынга катышкан мүчөлөрүнүн ачык добуш берүү жолу аркылуу кабыл алынат жана бекитилет. Жыйынга 2/3кем эмес Кеңештин мүчөлөрү катышкан учурда токтом бекитилет. Добуштар тең болуп калган учурда Кеңештин төрагасынын добушу чечүүчү добуш болуп эсептелет.

5.5. Кеңештин чечимдери протокол менен катталып, ага Кеңештин төрагасы же жыйынга төрагалык кылган анын орун басары жана ошондой эле Кеңештин жооптуу катчысы кол коет. Кеңештин чечими анын мүчөлөрүнө жиберилет.

5.6. Сапат менеджменти системасы тармагындагы Кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдер бардык түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана университеттин кызматкерлерине бирдей деңгээлге ээ.

Башка тармактардагы жалпы башкарууга тиешелүү болгон чечимдер, ошондой эле айрым бөлүмдөрдүн же кызматчылардын компетенциясына кирген маселелер тиешелүү кызмат адамдар тарабына бекитилгенден кийин аткарууга милдеттүү болуп калат. Чечимдердин аткарылышы толук аткарылганга чейин Кеңеш тарабынан көзөмөлгө алынат.